**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК - КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТҮП РАЙОНУ**
**КАРКЫРА**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК - КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТЮПСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**КАРКЫРА**

---

Каркыра айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын 1-сессиясы

**Т О К Т О М**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**31.05.2023-ж № 5** **Талды-Суу айылы.**

## Каркыра айыл аймагында айыл чарба эмес жерлердин экономикалык пландоо зонасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша зоналдык коэффициентти аныктап берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Салык жана Жер кодекстеринин негизинде Каркыра айыл аймагынын 2024-жылдын 1-январынан тартып киргизүү үчүн салыктардын төлөмдөрү жана калктуу пункттардын айыл чарба эмес жерлердин экономикалык пландоо зонасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша зоналдык коэффициентин аныктап берүү жөнүндө Каркыра айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Каркыра айыл аймагынын 2024-жылдын 1-январынан тартып төмөндөгү салыктын түрлөрү киргизилсин;
-айыл чарба багытындагы жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы (Салык кодексинин негизинде).
- айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы (Салык кодексинин негизинде).
-Короо жай салыгы (салык Кодексинин негизинде).
2.Калктуу экономикалык пландоо өзгөчөлүктөрүнө жараша зоналдык коэффициент төмөндөгүдөй бекитилсин;
-Пайдаланылбай калган жерлер үчүн КЗ-1,0 зоналдык коэффициент киргизилсин.
-Калктуу пункттардын жерлерин жана айыл чарба максатындагы эмес жерлерди пайдалангандар үчүн, ишкердик менен алектенген ишканалар үчүн (магазин, пилорама, кафе,СТО,АЗС ж.б.) КЗ-1,8 зоналдык коэффициент киргизилсин.
-кошар, складдарга КЗ-1,0 зоналдык коэффициент киргизилсин.
-ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмесинин суу топтоо резервуарынын аймагында КЗ-0,3 зоналдык коэффициент киргизилсин.

3.Жер салыгынын мүлк салыгынын 1,2,3-топторунун жана 4-топтогу унаа каражаттарына эсептелиши төлөө мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайыктуу аныкталсын жана коэффициенти КЗ-1,0 боюнча кабыл алынсын.

Акыр - чикир чыгаруу жыйыны;

-ар бир түтүнгө жана айыл аймагындагы мекеме ишканаларга 50 сомдон бекитилсин.

4.Ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизилиши үчүн каттоого токтом Ысык-Көл облустук юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5.Токтом юстиция башкармалыгы тарабынан катталгандан кийин 2024-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизисин.

6.Токтомдун аткарылышын Каркыра айыл аймагынын салык боюнча башкы адиси М.Кабашовага милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К.Тыйтаков**